# Укмуштуу окуялар күнү



Автор: Отгонтуя Бадамгарав

Сүрөтчү: Болорхимег Ганболд

Которгон: Эльнура Усупова

# Укмуштуу окуялар күнү

Автор: Отгонтуя Бадамгарав
Сүрөтчү: Болорхимег Ганболд
Которгон: Эльнура Усупова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

" Укмуштуу окуялар күнү" (кыргыз тилинде), Элнура Усупова тарабынан которулуп адаптацияланган. *A day of Adventures* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Otgontuya Badamgarav жана сүрөтчүсү Bolorkhimeg Ganbold. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/a-day-of-adventures?bookLang=4846240843956224


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Ажайып жай күнү. Таңда уйкудан көзүн ачар замат, Номио бүгүнкү эс алуу күнү жөнүндө кыялдана баштады.

Номио ата-энеси жана эжеси Ану менен сейилдегиси келди.






Алар үй-бүлөсү менен чогуу атайын дүкөнгө барып, татынакай үй жаныбарын сатып алууну чечишти.

Үй жаныбарлар дүкөнүндө кардарлар толтура. Капастарда түрлүү сонун үй жандыктары бар.












Номио жана анын үй-бүлөсү дүкөнду кыдырып, жаныбарлардын баарын көрүштү. Балдардын ызы-чуусунан кээ бир жаныбарлар чочулап жатты. Кээ бири болсо балдардын мээримине бөлөнгөнүнө бактылуу.

Номио укмуштуу бир дабыш угуп токтоп калды. Айланасын караса, жанында капаста кооз куш олтурган экен. Ал куш балдардын айтканын кайталаганы абдан кызык!






Номио атын тамгалап айтса, тоту куш аны «Н-О-М-И-О» деп кайталады. Номио кызыгуу жана суктануу менен тоту кушка кадалып карап жатты.

Номиону жана анын үй-бүлөсүн көп жаныбарлар кызыктырды. Алар сүйкүмдүү кирпилерди, бөжөктөрдү, ойноок күчүктөрдү, оор басырыктуу таш бакаларды жана кооз балыктарды көрүштү. Дүкөнгө келгендердин баары жаныбарлар менен ойноп жыргашат.





Ата-энеси аквариумдун тушунда сатуучу менен сүйлөшүп турганда Номио эжеси Ану менен күчүктөр сатылган бөлүмгө кириштИ. Күчүктөр Номио менен жыргап ойноп жатышты.

Сатуучу бир күчүктү капаска кайтарып жаткан учурда, ал Номиону муңайыңкы карады. Дүкөндөгү күчүктөр абдан акылдуу жана сүйкүмдүү экен.





Кыздар күчүк жөнүндө ата-энесине жарыша айтып келишти. Алар күчүктү үйүнө алып кетмек болушту. Номио тоту кушту да калтырып кеткиси келбей, аны да үйүнө ала кетүүнү суранды.

Үй жаныбарлар дүкөнүнөн чыгып, Номио жана анын үй-бүлөсү кийинки барчу жерине бет алышты. Номио күчүгүнө жана тоту кушуна кандай ат коюуну ойлоно баштады. Ану күчүктүн атын Оги коюуну сунуштады. Номио тоту куштун атын Арчи деп койду.





Оюн-зоок паркында балдар жана кыздар түрлүү аттракциондордо жыргап ойноп жатышты.

Номио үй-бүлөсү менен Феррис айлампасына жана айланкөчөккө түшүштү. Тирде таамай атуу жөндөмүн сынашты.





Таамай атуу сынагында Номио жеңди. Байгесине макскарапоздон таттуу кебез алганына Номио абдан сүйүнду.

Андан ары үй-бүлө күлкү бөлмөсүнө кириште. Күзгүдө өзгөрүлүп чагылышкан күлкүлүү келбеттерин көрүп баары жыргап каткырышты.





«Американская горка» аттракционунун жанынан өтүп баратып, Номио бөлөк балдар жана кыздар сыяктуу горкага түшүүгө ата-энесинен уруксат сурады. Ата-энеси «американская горка» өтө кооптуу аттракцион экенин жана анын түзүлүшү Номионун муктаждыктарына жооп бербегенин айтып беришти. Номионун маанайы чөгүп, көзүнөн жаш кетти.

*Орус тилинде: «Колесо обозрения»*

Кечирип кой, горка сага ылайыктуу эмес. Оюн-зоок паркынын өкүлү Номиодон кечирим сурады.





Бир аздан кийин Номио сооронду. Номионун жаңы достору тоту куш жана күчүк учурда эмне болуп жатканын түшүнгөнсүп, Номиону муңайыңкы карап турганын Ану байкады.

Андан ары Номио жана анын үй-бүлөсү ак куу кайыгына түшүүнү чечишти.





Бир аз тамактанып алган соң, алар балдар жана кыздар эл алдында оюн көргөзүп жаткан сахнага келишти. Номио музыкалык аспаптарда ойноп жана ырдап жаткан балдар менен кыздарды суктана карады. Сахнанын алдындагы эл оюн көргөзгөндөргө кол чаап, кубаттап турду.

Тыныгуу учурунда Ану сахнага чыгып, Номиону өзү менен бирге сахнага чакырды. Көрүүчүлөрдүн көңүлү ага бурулганын сезгенде, Номио уялганынан кыпкызыл боло түштү.





Ану гитарасын черткенде, Номио ырдай баштады. Көрүүчүлөр кол чаап кубатташты. Арчи капасында ары-бери секирип жатты, ал эми Оги Номио отурган майып-арабаны тегерене чуркады. Ану менен Номионун ата-энеси кыздар сахнада өнөрүн көргөзгөнүнө абдан кубанышты.

Күн батты. Окуяларга жана оюн-зоокко бай күн соңуна чыкты. Кубанычтуу маанайда Номио жана анын үй-бүлөсү үйүнө жол тартышты.





Сен үй-бүлөң менен бир жакка барганды жакшы көрөсүңбү? Жакшы көргөн бир нече жерди айтып берчи.

Сен эң жакшы көргөн жаныбарлар кайсылар?

Сен оюн-зоок паркына бардың беле?

Сен кайсы аттракциондорду жактырасың?

Майып арабасы менен жүргөн адамдарды канча жолу жолуктурдун эле?

Бул китеп «Майып-арабачан периштелер» демилгесинин алдында иштелип чыккан үчилтиктин биринчи китеби. Ал китепке майыптуулугу бар адамдардын күнүмдүк турмушу жөнүндө аңгемелер кирди.

Жол кырсыгынын кесепетинен мен майып арабасын колдоно баштагандан кийин күнүмдүк турмушумда көптөгөн күтүүсүз кыйынчылыктарга дуушар болдум. Башыман өткөн тажрыйбаман улам, коомубузда майыптуулугу бар адамдарга карата кемсинтүүчү мамиле үстөмдүк кыларын жана бул көйгөйлүү мамиле өзгөрүшү керек экендигин түшүндүм. Бул китептин максаты – ар бир инсандын, анын физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан жаштайынан билим алууга жана коомдо бактылуу өмүр сүрүүгө фундаменталдуу акысы бар экени тууралуу маалыматты жеткирүү аркылуу, толеранттуу жана инклюзивдүү коомду жайылтуу болуп саналат.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Отгонтуя Бадамгарав
Сүрөтчү: Болорхимег Ганболд
Которгон: Эльнура Усупова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - **4.1 деңгээли**
  - 4.2 деңгээли